***<u>Баткен облустук  статистика башкармалыгы</u>***

# *Баткен облусунун социалдык-экономикалык  абалы*

## *январь-март*

*(тез аралык маалымат)*

## *Айлык чыгарылыш*

**Баткен-2024**

**Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы**

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага - Ысмайылов С.М.

Мүчөлөр: -Закиров Ж.Д.
-Абдиева Ш.К.
-Салиева У.С.
-Сатыбалдиева Д.М.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук статистика башкармалыгы.

**Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2024-жылдын январь-март айларындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансалык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 20 нуска.

Пайдалануучулар расмий статистиканын маалыматтарын жана тиешелүү метамаалыматтарды пайдаланууда алардын булагына шилтеме берүүгө милдеттүү (“Расмий статистика жөнүндө” Мыйзамдын 30-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2024-жылдын 15-апрели.

**Шарттуу белгилер:**

- кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

## М А З М У Н У


| | | |
|---|---|---|
| **I** | **Облустун социалдык -экономикалык абалы……………………………** | 4 |
| **II** | **Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр……………………..** | 5 |
| **III** | **Сектордук обзор……………………………………………………..** | 6 |
| | **Реалдуу сектор……………………………………………………….** | 6 |
| | Өнөр жайы………………………………………………………… | 6 |
| | Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы…………………….. | 7 |
| | Капиталдык салым…………………………………………………... | 8 |
| | Турак жай........................................................................................ | 8 |
| | Транспорт жана байланыш……………………………………….. | 8 |
| | Тейлөө рыногу…………………………………………………….. | 8 |
| | Керектөө рыногу…………………………………………………... | 8 |
| | Эмгек рыногу жана эмгек акы……...……………………………… | 9 |
| | Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси…………………………… | 10 |
| | Баалардын жана тарифтердин индекси…………………………….. | 10 |
| **IV** | **Мамлекеттик сектор…...……………………………………………** | 11 |
| | Финансы……………………………………………………………. | 11 |
| **VI** | **Социалдык сектор……………………………………………………..** | 12 |
| | Калктын оорулары........................................................................... | 12 |
| | Укук бузуулар.................................................................................. | 13 |
| | **Тиркеме……………………………………………………………** | 14 |

**ОБЛУСТУН 2024-ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ-ФЕВРАЛЬ АЙЛАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ**

Облусубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2024-жылдын январь-март айларында 1612132,5 миң сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 113,3 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, аңчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүн чыгарылышы 2024-жылдын январь-март айларында 2588,0 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 99,5 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү 2024-жылдын январь-март айларында 873941,4 миң сомго барабар болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине карата 2,3 эсеге өскөн.

2024-жылдын январь-март айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 23308,0 чарчы метр болгон 178 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-март айларынын денгээлине салыштырмалуу 155,6 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 357274,4 миң сомду түздү.

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь-март айларында 339,1 миң тонна жүк ташылып, 2023-жылдын январь-март айларына салыштырмалуу 101,6 пайызга барабар болду. Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү 67789,5 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 108,6 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субъектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2024-жылдын январь-март айларында 6571988,9 миң сомду түзүп, 2023-жылдын январь-март айынын денгээлинен 8,8 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) 2024-жылдын январь-март айларында 5035450,5 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2023-жылдын январь-март айларынын деңгээлинен 10,0 пайызга өскөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь-март айларында 1137184,7 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 21,1 пайызга өскөн.

Инфляция деңгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын январь-март айларын 2023-жылдын январь-март айларына салыштырганда 105,5 пайызды, ал эми ушул жылдын март айын 2023-жылдын декабрь айына салыштырганда 99,9 пайызды түздү.

Облус боюнча 2024-жылдын февраль айында бир айлык орточо эмгек акы 25795,7 сом өлчөмүндө калыптанып, 2023-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 4,9 пайызга өскөн. 2024-жылдын январь-февраль айларында бир айлык орточо эмгек акы 26205,2 сом өлчөмүндө калыптанып, 2023-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 7,0 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2024-жылдын январь-март айларында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу, вирустуу гепатит А туру, бруцеллез, эхинококкоз, сифилис, гонорея оорууларынын өскөндүгү байкалат. Ал эми, бактериялуу дизентерия, ичегинин өткур инфекциясы, жаныбарлардын тиштеп алуусу, аскаридоз, котур, кургак учук жана респиративдүү оорууларынын төмөндөшү менен мүнөздөлдү.

## II. НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР

| | 2024ж. январь-март айларында | 2024ж. март айы 2023ж. март айына карата пайыз менен | 2024-жылдын январь-март айлары 2023-жылдын январь-март айларына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| **Экономикалык индикаторлор** | | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом | 1612132,5 | 101,4 | 113,3 |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукциясынын дүн чыгарылышы, млн. сом | 2588,0 | 100,2 | 99,5 |
| Негизги капиталга инвестициялар, миң сом | 873941,4 | 174,6 | 2,3 эсе |
| Ишке киргизилген турак-жай, ч. м. | 357274,4 | 112,7 | 155,6 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 339,1 | 101,7 | 101,6 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү, миң жүргүнчү км | 67789,5 | 119,7 | 108,6 |
| Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү-бардыгы, миң сом | 6571988,9 | 110,1 | 108,8 |
| Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом | 5035450,5 | 115,4 | 110,0 |
| Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом | 1137184,7 | 145,4 | 121,1 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом | 26205,2[1)] | 104,9[2)] | 107,0[3)] |

[1)] 2024ж. январь-февраль
[2)] 2024ж. февраль
[3)] 2024ж. январь-февраль

## III. СЕКТОРДУК ОБЗОР

## РЕАЛДУУ СЕКТОР

Баткен облусунда ээлик кылуучу субьектилердин саны 2024-жылдын 1-апрелине карата 82199 бирдикти түздү, анын ичинен 6,5 пайызы юридикалык жактар, 40,2 пайызы дыйкан (фермер) чарбалары, 53,1 пайызы жеке ишкерлер, 0,2 пайызын филиалдар түзөт.

| | Бардык катталгандары | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Бирдик | Жыйынтыкка карата пайыз менен | Ээлик кылуучу субъектилердин ичинен юридикалык жактар | Жыйынтыкка карата пайыз менен |
| **Баткен областы** | **82199** | **100** | **5408** | **100** |
| Баткен району | 11789 | 14,3 | 674 | 12,5 |
| Лейлек району | 32992 | 40,1 | 1273 | 23,5 |
| Кадамжай району | 16353 | 19,9 | 1650 | 30,5 |
| Баткен шаары | 6788 | 8,3 | 748 | 13,8 |
| Кызыл-Кыя шаары | 11330 | 13,8 | 718 | 13,3 |
| Сүлүктү шаары | 2947 | 3,6 | 345 | 6,4 |

Катталган юридикалык жактардын саны 2024-жылдын 1-апрелине карата 5408 субъектини түзүп, 2023-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 0,6 пайызга төмөндөгөн..

Катталган юридикалык жактардын жалпы санынын ичинен 13,5 пайызы мамлекеттик, 6,5 пайызы муниципиалдык, 80,0 пайызы өздүк менчикке таандык.

Баткен облусунун аймагында 2024-жылдын 1-апрелине карата жеке ишкерлердин саны 43651 бирдикти түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,8 пайызга өскөн, дыйкан (фермер) чарбаларынын саны 33059 бирдикти түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1,1 пайызга өстү.

**Өнөр жайы.** Облус боюнча 2024-жылдын январь-март айларында 1612132,5 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 113,3 пайызды түздү.

Иштетүү өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмү 566054,7 миң сому түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 35,1 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 558232,0 миң сому же 34,6 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 451868,4 миң сому же 28,0 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 35977,4 миң сому же 2,2 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында* ушул жылдын январь-март айларында 558232,0 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 110,9 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь-март айларында 171655,7 тонна көмүр казылып алынып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 24640,0 тоннага көп көмүр өндүрүлгөн. Баткен району 2885,2 тоннага, Кадамжай району 34428,0 тоннага, Лейлек району 7700,0 тоннага көп көмүр өндүргөн.

*Иштетүү өнөр жай* өндүрүшүнүн көлөмү 566054,7 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 87,0 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 191125,5 миң сому (көлөмдүн 33,8 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 38799,7 миң сому (көлөмдүн 6,9 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 7179,7 миң сому (көлөмдүн 1,3 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 252546,9 миң сому (көлөмдүн 44,6 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 16271,2 миң сому (2,9 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 37098,7 миң сому (6,6 пайызын) түздү.

*Тамак-аш азыктарын* өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси ичимдиктер менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь-март айында өткөн жылдын январь-март айларына салыштырмалуу физикалык көлөмдүн индекси 99,3 пайызды түздү.

Үй-эмеректерин жасоо 17,8 пайызга, жаны бышкан нан 2,6 пайызга, тазартылган күрүч 15,0 пайызга, кондитердик азыктар 16,1 пайызга, топтолгон жана тазаланган суу 12,2 пайызга, эт азыктары 8,1 пайызга, иштетилген сүт азыктары 10,4 пайызга көп өндүрүлгөн.

*2024-жылдын январь-март айларында текстил жана тигүү өнөр жайында* чыгарылган продукциянын көлөмү 38799,7 миң сомду түздү, же өткөн жылдын январь-март айындагы денгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 6,0 пайызды түздү.

*Металлургия өнөр жайынын* жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь-март айларында 16271,2 миң сомдук продукция чыгарылды, же өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекси өткөн жылдын январь-март айларына салыштырганда 98,2 пайызды түздү.

*Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь-март* айларында 451868,4 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 198,2 пайызды, сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү 35977,4 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 117,9 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы

(жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)




Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын
үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен




***Айыл чарбасы, анчылык жана токой чарбасы.*** 2024-жылдын январь-март айларында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 2588,0 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 99,5 пайызды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-март айларында 5851,4 тонна эт, 13994,4 тонна сүт, 2157,2 миң даана жумуртка өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу эт өндүрүү 1,3, сүт өндүрүү 0,1 пайызга төмөндөгөн. Ал эми жумуртка өндүрүү 11,6 пайызга өскөн.

Райондор боюнча: Эт өндүрүүдө Лейлек районунда 0,6 Кызыл-Кыя шаарында 0,3, Сүлүктү шаарында 0,7 пайызга өсүү болду. Кадамжай району өткон жылдын деңгээлинде калган. Ал эми Баткен районунда 0,4, Баткен шаарында 26,8 пайызга азайган. Сүт өндүрүү Кадамжай районунда 0,2, Лейлек районунда 0,7, Кызыл-Кыя шаарында 0,9, Сүлүктү шаарында 6,7 пайызга жогорулаган. Ал эми Баткен районунда 2,0, Баткен шаарында 8,8 пайызга аз өндүрүлгөн. Жумуртканы Баткен району 31,5, Кадамжай району 0,1, Лейлек району 1,2, Баткен шаары 140,2, Кызыл-Кыя 0,2, Сүлүктү шаары 1,2 пайызга көп өндүргөн.

**Капиталдык салым.** 2024-жылдын январь-март айларында 873941,4,0 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2023-жылдын ушул мезгилине карата 2,3 эсеге өстү. Капиталдык салымдар Баткен районунда 75,0 пайызга, Кадамжай районунда 3,2 эсеге, Лейлек районунда 3,0 эсеге, Кызыл-Кыя шаарында 87,8 пайызга, Сүлүктү шаарында 38,3 пайызга өскөн. Ал эми Баткен шаарында 41,6 пайызга төмөндөгөн. Каржылоонун негизги булактарын калктын каражаты жана республикалык бюджет түздү. Өздөштүрүлгөн капиталдык салымдардын 97,2 пайызы подряддык иштерге туура келди.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)




**Турак жай.** 2024-жылдын январь-март айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 23308,0 чарчы метр болгон 178 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 155,6 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 357274,4 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өздүк турак жай курулуштарына жумшалган.

**Транспорт жана байланыш.** 2024-жылдын январь-март айларында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 339,1 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь-март айларына салыштырмалуу 101,6 пайызды түздү.

2024-жылдын январь-март айларында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 3155,5 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 67789,5 миң жүргүнчү-км түздү (2023-жылдын январь- март айларына салыштырмалуу 108,6 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2024-жылдын январь-март айларында бардыгы жеке жактардын транспорту менен жүргүзүлгөн.

***Тейлөө рыногу.*** Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2024-жылдын январь-март айларында 6571988,9 миң сомду түзүп, 2023-жылдын январь-март айына салыштырмалуу 8,8 пайызга, анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 6387945,4 миң сом болуп 5,5 пайызга өскөн.

***Керектөө рыногу.*** Соода, автомобилдерди, күйүүчү майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды оңдоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь-март айларында 5035450,5 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 10,0 пайызга өскөн.

Автомобилдерди жана күйүүчү майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 2826702,0 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 10,2 пайызга өскөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 56,1 пайызды түздү.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь-март айларында 10970,0 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 8,6 пайызга өскөн.

Күйүүчү майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь-март айларында 2023668,5 миң сомду түздү, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 7,2 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) ушул жылдын январь-март айларында 5434804,2 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 10,4 пайызга өскөн.

Үстүбүздөгү жылдын январь-март айларында 1137184,7 миң сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын деңгээлине салыштырмалуу 21,1 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




Калкка акысына кызмат көрсөтүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




**<u>Эмгек рыногу жана эмгек акы.</u>** Облустун калкты ишке жайгаштыруу башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2024-жылдын 1-апрелине карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 14215 адамды түздү, анын ичинен 10508 адам официалдуу жумушсуз статусун алган.

Официалдуу түрдө катталган жумушсуздардын ичинен жумушсуздук боюнча жөлөк пул алгандар жок. Март айында профессионалдык окуудан өткөндөрдүн саны 208 адамды түздү. 2024-жылдын 1-апрелине карата 112 жумушчу орун болду. Бир бош жумуш ордуна 127 адам туура келди.

Облус боюнча 2024-жылдын февраль айында бир айлык орточо эмгек акы 25795,7 сом өлчөмүндө калыптанып, 2023-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 4,9 пайызга өскөн. 2024-жылдын январь-февраль айларында бир айлык орточо эмгек акы 26205,2 сом өлчөмүндө калыптанып, 2023-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 7,0 пайызга өскөн.

Эмгек акы февраль айында өткөн жылдын тийиштүү айына салыштырмалуу токой чарбасы, айыл чарба жана балыкчылык, илимий техникалык адистиктеги ишмердүүлүк, тоокен казуу тармагында, сууну тазалоо, курулуш, калдыктарды кайра иштетүү жана өндүрүү, Соода: автомобилдерди, турмуш-тиричилик жана жеке колдонулуучу буюмдарды оңдоо, информация жана байланыш, административдик жана көмөкчү чарба, социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү, мамлекеттик башкаруу жана коргонуу, милдеттүү социалдык камсыздоо, маданий көңүл ачуу, дем алуу, билим берүү, саламаттыкты сактоо, транспорт ишмердиги, жүктөрдү сактоо жана өнөр жайды кайра иштетү тармактары боюнча өсүү болгон. Ал эми электр энергия, газ, кондиционердик аба жана буу менен камсыз кылуу 10,9 пайызга, финансалык ортомчулук 10,4 пайызга, кыймылсыз мүлк менен иш жүргүзүү 11,7 пайызга төмөндөгөн.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2024-жылдын февраль айында 288,3 долларды түздү.

2024-жылдын 1-мартына карата эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 5588,9 миң сомду түзүп, өткөн айга салыштырмалуу 45,5 пайызга төмөндөгөн, Эмгек акы төлөө боюнча карыз Кадамжай районунда 54,2 пайызды жана Кызыл-Кыя шаарында 45,8 пайызды түзөт.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны, (адам)




**Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.** Айыл-чарба продукциясынын баалары үстүбүздөгү жылдын январь-март айларында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 112,0 пайызды, ал эми мал чарба продукциясы 111,2 пайызды, талаачылыктан алынган продукция 113,0 пайызды түздү.

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2024-жылдын март айында өткөн жылдын март айына салыштырмалуу 105,0 пайызды түздү. Ал эми 2024-жылдын январь-март айлары өткөн жылдын январь-март айларына салыштырмалуу 106,8 пайызды түздү.

**Баалардын жана тарифтердин индекси.** Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын март айында өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 105,5 пайызды түздү, ал эми үстүбүздөгү жылдын март айын 2023-жылдын декабрь айына салыштырганда 99,9 пайызды түздү.

Ушул жылдын март айында өткөн айга салыштырмалуу жогорку сорт ун 0,5 пайызга 1-сорт ун 0,4 пайызга, макорон азыктары 0,6 пайызга, сүт 1,3 пайызга кымбаттаган. Ал эми нан азыктары 1,0 пайызга төмөндөгөн, койдун эти, уйдун эти, жумуртка, күн карама майы өз ордунда калган.

**Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси**

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Жогорку сорт ун | 1-сорт ун | Нан | Макарон азыктары | Уйдун эти | Койдун эти | Сүт | Жумурт-ка | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 100,0 | 100,7 | 100,0 | 98,3 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 97,8 |
| февраль | 100,0 | 100,0 | 99,9 | 101,1 | 100,0 | 100,0 | 105,6 | 100,0 | 99,5 |
| март | 100,5 | 100,4 | 99,0 | 100,6 | 100,0 | 100,0 | 101,3 | 100,0 | 100,0 |

Жашылча-жемиштердин бааларынан өткөн айга салыштырмалуу картошка 2,4 пайызга, алма 51,9 пайызга кымбаттаган. Ал эми пияз 2,2 пайызга, сабиз 1,6 пайызга, кургатылган өрүк 6,5 пайызга төмөндөгөн, грек жаңгагы өз ордунда калган.

**Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси**

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Пияз | Картошка | Сабиз | Алма | Кургатыл-ган өрүк | Грек жаңгагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 105,2 | 97,1 | 98,0 | 122,9 | 120,9 | 96,1 |
| февраль | 93,4 | 94,3 | 95,3 | 125,7 | 106,9 | 100,0 |
| март | 97,8 | 102,4 | 98,4 | 151,9 | 93,5 | 100,0 |

Үстүбүздөгү жылдын март айында өткөн февраль айына салыштырмалуу суу менен камсыз кылуу (муздак суу) 14,3 пайызга, күйүүчү-майлоочу материалдар 1,1 пайызга, бензин 1,2 пайызга, газеталар жана мезгилдүү басылмалар 22,8 пайызга, азык-түлүк эмес товарлар 0,1 пайызга кымбаттаган. Ал эми кийимдер 0,9 пайызга, бут кийим 0,2 пайызга, турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар 0,3 пайызга төмөндөгөн. Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника жана кийим тигүү үчүн материалдар, катуу отун, фармацевтикалык продукциялар өз ордунда калган.

**Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси**

(пайыз менен)

| | 2024ж. январь- март 2023ж январь-мартына карата | 2024ж марты 2023ж декабрына карата | 2024ж марты 2024ж февралына карата |
|---|---|---|---|
| Кийим | 107,1 | 100,2 | 99,1 |
| а.и.кийим тигүү үчүн материалдар | 101,2 | 100,0 | 100,0 |
| Бут кийим | 105,2 | 99,6 | 99,8 |
| Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар | 100,4 | 96,7 | 99,7 |
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу) | 104,8 | 114,3 | 114,3 |
| Катуу отун | 100,5 | 78,5 | 100,0 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 106,7 | 98,0 | 101,1 |
| Бензин | 109,2 | 97,9 | 101,2 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 106,4 | 100,1 | 100,0 |
| Фармацевтикалык продукциялар | 111,3 | 104,2 | 100,0 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 102,1 | 113,7 | 122,8 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 106,6 | 97,5 | 100,1 |

Өткөн айга салыштырганда үстүбүздөгү жылдын март айында маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр 1,9 пайызга кымбаттаган. Калган тейлөөлөр өз ордунда калган.

**Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.**

(пайыз менен)

| | 2024ж. январь-мартына 2023ж январь-мартына карата | 2024ж марты 2023ж декабрына карата | 2024ж марты 2024ж февралына карата |
|---|---|---|---|
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | 102,5 | 101,0 | 100,0 |
| Байланыш тейлөөсү | 107,1 | 100,0 | 100,0 |
| Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр | 99,5 | 101,2 | 101,9 |
| Билим берүү тейлөөсү | 116,6 | 100,0 | 100,0 |
| Амбулаториялык тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү | 111,4 | 100,0 | 100,0 |
| Чач тарач тейлөөлөрү | 133,7 | 100,0 | 100,0 |
| Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

## МАМЛЕКЕТТИК СЕКТОР

**Финансы.** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2024-жылдын январь-февраль айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 270,4 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 107,5 пайызга аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 433,4 млн. сомду түзүп, 2023-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 46,0 пайызга, ал эми чыгашалар 20,2 пайызга өскөн.

Облустук жергиликтүү бюджет 2024-жылдын январь-февраль айларында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2024-жылдын январь-февраль айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 170,3 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшүп, өткөн жылга салыштырмалуу салыктан түшүүлөр 13,6 пайызга өскөн. Киреше жана пайда салыгы 7,7 пайызга, жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 16,4 пайызга, менчиктен түшкөн салыктын өлчөмү 46,8 пайызга, кыймылсыз мүлк салыгы 14,5 пайызга жана жер салыгы 62,2 пайызга жана товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 82,6 пайызга өскөн. Ал эми патенттин негизиндеги салык 58,9 пайызга азайган. Соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн жана бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр боюнча салык түшкөн эмес.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин азайганы байкалды. Алсак 2023-жылдын январь-февраль айларында жалпы кирешенин 11,1 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2024-жылдын январь-февраль айларында 7,0 пайызын түздү. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн менчиктен түшкөн киреше жана процентттерден түшкөн кирешелер түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 82,5 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 30,0 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 10,4 пайызга өскөн.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2024-жылдын январь-февраль айларында 116,6 млн. сомду түзүп, 2023-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 27,8 пайызга өскөн. Чыгашалардын 64,2 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, коргоо жана коомдук тартипти сактоого,18,5 турак жай жана комуналдык тейлөөлөргө, 17,2 пайызы социалдык-маданий чөйрөгө жумшалды.

## СОЦИАЛДЫК СЕКТОР

**Калктын оорулары**. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиомелит, брюшной тиф ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2024-жылдын январь-март айларында облуста *ичеги-карын ооруларынан* салмонелез инфекциясы менен ооругандар катталган жок. Бактериялуу дизентерия менен 6 оорулуу катталып өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 25 пайызга, ичегинин өткүр инфекциясы менен 264 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 31,2 пайызга төмөндөгөн, ал эми Бактериалуу минингит оорусу менен 1 оорулуу катталды.

*Вирустуу гепатит оорусу* менен 988 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 5,6 эсеге, анын ичинен гепатиттин А түрү менен 987 оорулу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 6,0 эсеге өскөн. Эпидемиялык паротит оорусу катталган жок.

*Жаратылыштын жана жаныбарлардын инфекциясынан ооругандар төмөндөгөнү байкалат* жаныбарлардын тиштеп алуусу менен 173 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 10,4 пайызга, аскаридоз менен 163 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 38,3 пайызга төмөндөгөн, ал эми бруцеллез ооруусу менен 15 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 50 пайызга, эхинококкоз оорусу менен 8 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 8 эсеге өскөн.

*Паразитардык оорулардан* сифилис оорусу менен 3 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3 эсеге, гонорея оорусу менен 9 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,5 эсеге өскөн, Ал эми котур оорусу менен 22 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,3 пайызга төмөндөгөн, ВИЧ инфекциясы, педикулез ооруусу менен ооругандар катталган жок.

*Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар* менен 6459 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 7,1 пайызга, Ал эми кургак учук менен ооруган 62 адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 18,4 пайызга төмөндөгөн.

**Укук бузуулар.** Облустук прокуратура тарабынан берилген маалымат боюнча 2024-жылдын январь-февраль айларында облус боюнча 237 кылмыш иши катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 6,3 пайызга же 14 кылмышка өскөн. Бардык катталган кылмыштардын ичинен; адам өлтүрүү жана өлтүрүүгө аракет жасоо 3, ээнбаштык 3, уурулук 58, алдамчылык 50, бангизаттарга байланыштуу 7, кызматтык кылмыштар 8, экономика тармагында 7 кылмыш, 5 жол–транспорт кырсыктары катталган. 2024-жылдын январь - февраль айларында 127 адам кылмыш иши менен кармалган. Бул көрсөткүч өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 5 адамга өскөн.

Кылмыш иши менен кармалгандардын ичинен: аялдар 14, эч жерде иштебеген жана окубагандар 93, мектеп окуучулары 5, жогорку жана атайын орто окуу жайларынын окуучулары 4 катталган, Ал эми иштегендер, ишкерлер, кызматкерлер катталган жок.

**Облстатистика башкармалыгынын жетекчиси:** **С. Ысмайылов**

| | | бети |
|---|---|---|
| | Реалдык сектор | |
| 1 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү……………. | 16 |
| 2 | Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү……….......................………............... | 17 |
| 3 | Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү……........................................………............ | 17 |
| 4 | Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү…………………………. ……………………………… | 18 |
| | Айыл чарбасы | |
| 5 | Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү………………………………………. | 19 |
| 6 | Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү..…………………………......... | 19 |
| | Капиталдык курулуш | |
| 7 | Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши жана подрядтык жумуштардын көлөмү | 20 |
| 8 | Капиталдык салымдардын жана подрядтык иштердин көлөмү…………………………………….………….. | 20 |
| 9 | Подряддык курулуш жана монтаждоо жумуштарынын аткарылышы……………………………………… | 22 |
| 10 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подрядтык жумуштардын көлөмү................................. | 22 |
| 11 | Турак-жай курулушунун аткарылышы облус боюнча……………………………………………………… | 22 |
| 12 | Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши.........................................................................…...... | 23 |
| | Транспорт | |
| 13 | Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү………………………………………………………. | 24 |
| 14 | Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү | 24 |
| | Тейлөө рыногу | |
| 15 | Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү……………………………………………………………….. | 25 |
| | Керектөө рыногу | |
| 16 | Сооданын экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы…...............………........ | 25 |
| 17 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү, коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо.............. | 26 |
| 18 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү………………………………………………….. | 26 |
| 19 | Калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүү, ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы................. | 27 |
| | Эмгек жана эмгек акы | |
| 20 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары ............ | 28 |
| 21 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары, жыл башынан.. | 29 |
| 22 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары, акыркы айда | 29 |
| 23 | Калкты иш менен камсыз кылуу……………………………………………………………………………….. | 30 |
| 24 | Официалдуу катталган жумушсуздардын саны.......................................................................................…............. | 30 |
| 25 | Жаңы жумуш орундарын түзүү........................................................................................................................ | 30 |
| | Мамлекеттик сектор | |
| 26 | Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………..... | 31 |
| 27 | Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………… | 31 |
| 28 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы ………………………………....... | 32 |
| 29 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………........ | 32 |
| | Социалдык сектор | |
| 30 | Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны……………………………………………… | 33 |
| 31 | Катталган кылмыштар саны………………………………………………………………………………….. | 33 |
| 32 | Жынысы жана жашы боюнча кылмыш кылгандар…………………………………………………………. | 34 |
| 33 | Кесиби боюнча кылмыш кылгандар………………………………………………………………………. | 34 |

## РЕАЛДЫК СЕКТОР

Таблица 1. **Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү 2024-жылдын январь-март айлары**

( миң сом)

| | 2023 | 2024 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **1287394,2** | **1612132,5** | **113,3** |
| **I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы** | **359609,8** | **558232,0** | **110,9** |
| 1. Таш көмүр, лигнит жана чым көң өндүрүү | 276169,9 | 426171,4 | 116,8 |
| 2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 82832,7 | 113336,9 | 100,0 |
| 3.Металл рудасын өндүрүү | - | - | - |
| -түстүү металл рудасын өндүрүү | - | 17740,5 | 16,8 |
| 4. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары | 607,2 | 983,2 | 612,4 |
| **II. Иштетүү өнөр жайы** | **602231,0** | **566054,7** | **87,0** |
| 1. Тамак аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктер менен тамеки кошо | 189990,0 | 191125,5 | 99,3 |
| -тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктерди кошкондо | 169193,8 | 188643,3 | 103,0 |
| -тамеки өндүрүү | 640,0 | 963,0 | - |
| -сусуундукта өндүрүү | 20156,2 | 1519,2 | - |
| 2. Текстил жана тигүү өндүрүшү | 120968,7 | 38799,7 | 6,0 |
| -текстил өндүрүшү | 110591,9 | 21125,1 | 177,4 |
| -кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо | 10252,8 | 17649,4 | 2,6 |
| -булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 124,0 | 25,2 | 20,3 |
| 3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү | 7325,6 | 7179,7 | 128,9 |
| -жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги | 7093,1 | 6947,2 | 129,3 |
| -басма жана полиграфиялык ишмердик, жазылган маалыматтарды көбөйтүү | 232,5 | 232,5 | 100,0 |
| 4. Химия өндүрүшү | 79608,0 | 23033,0 | 95,7 |
| 5. Башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 161266,2 | 252546,9 | 178,0 |
| 6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 11742,4 | 16271,2 | 98,2 |
| 7. Өнөр жайдын башка түрлөрү | 31330,1 | 37098,7 | 113,4 |
| **III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү** | **293970,6** | **451868,4** | **198,2** |
| **IV. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү калдыктарды иштетүү.** | **31582,8** | **35977,4** | **117,9** |

Таблица 2. **Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү 2024-жылдын январь-март айлары**

.                                                                                                   (миң сом)

| | 2023 | 2024 | Физикалык көлөмдүн индекси | |
|---|---|---|---|---|
| | | | отчеттук айдын өткөн жылдын отчеттук айына карата | отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата |
| **Область боюнча:** | **1287394,2** | **1612132,5** | **101,4** | **113,3** |
| Электр энергиясыз | 993423,6 | 1184117,6 | 83,7 | 98,1 |
| райондор: | | | | |
| Баткен | 37372,1 | 22798,2 | 66,8 | 71,7 |
| Кадамжай | 291717,8 | 348184,3 | 131,9 | 104,2 |
| Лейлек | 134086,4 | 200172,2 | 105,3 | 113,8 |
| шаарлар: | | | | |
| Баткен | 319863,8 | 459692,3 | 203,8 | 176,4 |
| Электр энергиясыз | 25893,2 | 31678,3 | 105,8 | 106,5 |
| Кызыл-Кыя | 312672,4 | 317226,0 | 51,8 | 68,1 |
| Сүлүктү | 191681,7 | 264059,5 | 75,7 | 78,2 |

Таблица 3. **Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү**

| | Өлчөө бирдиги | 2023 | 2024 | 2024ж. январь-март айлары 2023ж. январь-март айларына % менен |
|---|---|---|---|---|
| | | январь-март | | |
| Таш көмүр | тонна | 147015,7 | 171655,7 | 116,8 |
| Бышырылган керамика кирпичи | миң даана | 1366,0 | - | - |
| Бут кийим | жуп | 310 | 63 | 20,3 |
| Эт жана эт азыктары | тонна | 322,3 | 348,3 | 108,1 |
| Бышырылбаган керамика кирпичи | миң даана | - | 3,3 | - |
| Дан эгиндеринен тартылган ун | тонна | 1849,2 | 1653,2 | 89,4 |
| Өсүмдүк майлары | тонна | 32,3 | 28,7 | 88,9 |
| Жаны бышкан нан | тонна | 2279,7 | 1339,6 | 102,6 |
| Үй-эмеректери | миң сом | 26621,5 | 31350,0 | 117,8 |
